**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671 Диссертациялык кеңеш**

*Кол жазма укугунда*
**УДК: 327: 94 (575. 2) (043)**

**АБДЫКУЛОВА РОЗА АМАНБАЕВНА**

# ОСМОН МАМЛЕКЕТИ МЕНЕН ОРТО АЗИЯНЫН ДИПЛОМАТИЯЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ (XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ - XX КЫЛЫМДЫН БАШЫ)

07.00.02 - Ата мекен тарыхы
07.00.03 -Жалпы тарых

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2024**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Байыркы мезгилден XIX кылымдын соңуна чейинки Кыргызстандын тарыхы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Мокеев Анварбек Мокеевич**
тарых илимдеринин доктору, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетиндеги тарых бөлүмүнүн профессору

**Официалдуу оппоненттер:** **Ормушев Асан Сулайманович**
тарых илимдеринин доктору, Эл аралык Кувейт университетинин эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын профессору, ректордун кеңешчиси

**Абдалиева Гульзада Кошоевна**
тарых илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын И. Арабаев атындагы КМУнун М. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин Кыргызстан жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы. 720044, Бишкек ш. Ч. Айтматов ат. пр., 27

Диссертациялык иш 2025-жылдын 24-январында саат 13.00 дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду:https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mez-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394) илимий китепканасынан жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынан (720071, Бишкек ш., Чүй пр., 265а), ошондой эле Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан таанышууга болот https://vak.kg/d_07_23_671//

Автореферат 2024-жылдын 24-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору, доцент** **Карыева А.К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Советтер Союзу кулап, Орто Азия мамлекеттери эгемендүүлүгүн алгандан кийин чет өлкөлөр менен эл аралык байланыштар күч алды. Орто Азиядагы өлкөлөрдүн эгемендүүлүгүн алгачкылардан болуп Түркия Республикасы тааныган. Анын натыйжасында, Түркия мамлекети менен Орто Азиядагы көз карандысыз мамлекеттер арасында саясий-экономикалык жана маданий багыттарда өз ара мамилелерди түзүүгө кадамдар жасалган. Ошол убактан азыркы күнгө чейин уланып келе жаткан алакалардын Орто Азия мамлекеттери менен Түркия Республикасынын өнүгүүсүнө кошкон салымы олуттуу жана анын тарыхый башаты тереңге кетет. Орто Азия менен Осмон мамлекетинин байланыштары XVI кылымда эле элчилик негизде башталганы менен XIX кылымдан тарта ал көп кырдуу, ар тараптуу жана тыгыз мамиледеги өнүгүү деңгээлине жеткендигин тарыхый булактар тастыктайт. Анткен менен Орто Азия аймагынын XIX кылымдагы геосаясий абалына байланыштуу илимий изилдөөлөр башка өңүттөн жүргүзүлүп келгени байкалат.

Орус жана советтик тарыхнаамада XIX-XX к. башталышындагы Орто Азия тарыхына жана андагы өлкөлөргө карата жүргүзүлгөн саясий мамилелерге бир жактуу баа берилип, айрым орчундуу маселелер изилдөө объектисине алынбай келген. Айрыкча белгилей кетчү нерсе, Орто Азия аймагына карата жүргүзгөн тышкы саясат менен ал көрүнүштү түшүнүү үчүн жүргүзүлгөн изилдөөлөр ортосундагы айырмачылыктар арбын кездешет. Эгер, белгиленген хронологиялык алкакта Орто Азия аймагы бир бүтүн түшүнүк катары тышкы саясат жана башка өлкөлөрдүн экспансиялык аракет объектисине айланып келсе, тескерисинче ага баа берүү максатын көздөгөн изилдөөлөр, мамлекеттер чегинде жана эки тараптуу мамилелер тогошунда гана жасалып келген. Ошол эле убакта, Орто Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн изилдөөлөр эки тараптуу мамилелерди чагылдырууга, Россия менен Улуу Британия мамлекеттеринин саясатын иликтөөгө арналып, башка дипломатиялык субъекттердин ишмердүүлүгү көз жаздымда калып жатканы байкалат. Арийне, андай проблемалардын бири – Осмон империясынын Орто Азия аймагына жүргүзгөн дипломатиясы жана саясий аракети экендиги талашсыз.

Орто Азия тарыхнаамасында Осмон империясынын аталган аймакта жүргүзгөн саясаты, көздөгөн максаты дээрлик изилдөө объектисине алынган эмес. Ошондуктан, Осмон өлкөсүнүн Орто Азия менен байланышын жаңыча түшүнүп, азыркы талаптарга жараша изилдөө зарылчылыгы туулат. Осмон өлкөсүнүн жана Орто Азиянын өз ара мамилелерин аныктоо менен саясий максаттарына баа берүү тандап алынган теманын актуалдуулугун арттырат.

Изилдөөнүн *хронологиялык алкагы,* XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын башына чейинки мезгилди кучагына алат. Тагыраак айтканда, диссертацияда Осмон империясы жана Орто Азия аймагындагы мамлекеттер үчүн татаал жана бурулуш доор эсептелген, XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын башына чейинки мезгилдеги байланыштарды кучагына камтыйт. Аталган доор Орто Азия хандыктары мезгили менен Россия империясынын карамагына кирген убакыт ченемин камтыгандыктан изилдөөнү Орто Азия аталышы менен берүүдө негиз бар. Осмон империясы хандыктар мезгилиндеги дипломатиялык байланышын Орто Азия аймагы Россия империясына карап калган учурда да үзгүлтүккө учуроо менен улантып келишкени маалым.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен болгон байланышы**. Диссертациялык иш изденүүчү жана анын жетекчисинин демилгеси менен аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы байланыштарды изилдөө жаңы тарыхый иликтөө багыты экендиги талашсыз. Изилдөөдө Осмон империясынын Орто Азия багытында жүргүзгөн саясаты жана дипломатиялык аракеттери; мындагы өлкөлөрдүн жана калктардын аларга жасаган мамилелери талдоого алынат. Илимий иш маселени тактоо жана көп кырдуу алакаларды жетиштүү даражада ачып, аныктоо үчүн архив материалдарын тартуу максатын көздөйт. Диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер коюлат:**

1. Осмон империясы менен Орто Азиянын XIX-XX к. башындагы саясий кырдаалына баа берүү;
2. Изилдөөнүн булактык базасы болгон Осмон мамлекетинин архив системасын анализдөө;
3. Эки тараптуу мамилелердин даража, деңгээлин жана көздөгөн максатын баалоо;
4. Осмон империясы менен Орто Азиянын ортосундагы саясий жана экономикалык байланыштарга анализ жүргүзүү;
5. Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктары мезгили жана Россия империясына караган учурдагы диний жана маданий байланыштарын талдоо;
6. Архив материалдардын негизинде Орто Азия тарыхына, асыресе Кыргызстан тарыхына байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөө айлампасына алуу;
7. Диссертациялык изилдөөнүн негизинде корутунду чыгаруу менен практикалык сунуштарды даярдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары:**

1. Осмон империясы менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы дипломатиялык байланыштардын үзгүлтүккө учуроо менен жүргүзүлүп келгендиги такталды.
2. Алгачкы ирет Кыргызстандын тарыхында Осмон империясына байланышкан архивдик булактар илимий айлампага киргизилип, тарыхый байланыштардын тамыры тереңде экендиги далилденди.
3. Орто Азия менен Осмон мамлекетинин дипломатиялык мамилелери кыргыз тилинде комплекстүү изилдөөгө алынды.
4. Осмон мамлекетинин Орто Азия менен дипломатиялык байланыштарын ачуу үчүн Осмон өлкөсүнүн өкмөттүк архив материалдары илим айлампасына алынып, тарыхый анализ берүү аракети жасалды.
5. Орто Азиядагы Англия, Россия жана Кытай мамлекеттеринин саясатын эске алуу менен Осмон мамлекетинин мындагы саясатынын мүнөзү, көздөгөн максатын изилдөөгө аракет жасалды.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөө проблемасына тартылган жаңы архив материалдар, саясий мазмундагы меморандум жана корреспонденциялар – Орто Азия калктарынын XIX кылымдын экинчи жарымы – XX к. башындагы тарыхы менен эмгектенген илимпоздорго көмөк көрсөтөт жана изилдөө метариалдары болуп бере алат.

Изилдөө айлампасына алынган жаңы архив материалдар Орто Азия калктарынын жана анын ичинде кыргыздардын тарыхын изилдеген илимпоздордун иликтөөлөрүнө, алардын окуу куралдарын жазуусуна, атайын курс программаларын даярдоосуна жардамчы материал болуп бере алат.

Диссертациялык иштин жыйынтыктарын студенттер, магистранттар жана аспиранттарга Кыргызстандын тарыхын, Орто Азиянын тарыхын, эл аралык мамилелердин тарыхын, жалпы тарыхты окутууда пайдаланууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**

1. Орто Азия тарыхында XIX кылымдын экинчи жарымы – XX к. башы саясий жактан тарыхый бурулуш мезгили болгон. Россия империясы тарабынан Орто Азия хандыктары каратылып, саясий-административдик башкаруу системасы толугу менен өзгөргөн. Анын натыйжасында, хандыктардын бул мезгилге чейинки Осмон мамлекети менен байланышынан айырмаланып, алардын ортосундагы алакага Россия империясынын саясаты аралаша баштаган.

2. Орто Азия хандыктарынын башка мамлекеттер менен байланышы дипломатиялык түрдө ишке ашып келген. Аларга Россия империясы, Осмон мамлекети мисал боло алат. Алардын өз ара байланышында саясий, экономикалык жана маданий маселелер камтылган. Россия империясы Орто Азияны каратып алган соң, Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланышында кескин өзгөрүүлөр болгон.

3. Изилдөөнүн хронологиялык алкагында, Орто Азиянын Россия империясы менен Англия саясатынынын бутасына айлангандыгы талдоого алынат. Белгиленген мезгилдин тарыхнаамасында эки мамлекеттин саясий тирешүүсү Орто Азия маселеси менен чогуу каралып, Осмон мамлекети сыяктуу калган объекттерге дээрлик көңүл бурулган эмес.
4. Изилдөөнүн хронологиялык алкагында каралган Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштарындагы негизги маселе Россия империясы болгон. Экинчи планда болсо, хандыктардын геостратегиялык маселелерге тиешелүү өз ара келишпестиктери турган.
5. Осмон империясы менен Орто Азиянын байланыштарында диний алакалар жогору негизде ишке ашырылган. Анткени, ислам дүйнөсү үчүн ыйык деп эсептелген Мекке, Медина шаарларын камтыган Хижаз областы XVI кылымдан тарта Осмон мамлекетинин карамагында болгон жана ал бүткүл мусулман дүйнөсүнүн мураскору катары таанылган.
6. Осмон империясынын мамлекеттик архивиндеги материалдар Орто Азиянын тарыхынын, айрыкча Кыргызстан тарыхынын илимий айлампасына тартылып, изилдөөнүн доору боюнча актуалдуулугу артат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн натыйжасында автор тарабынан Осмон империясынын мамлекеттик архивиндеги материалдар Орто Азиянын XIX кылымдын экинчи жарымы -XX к. башындагы тарыхына жаңы булактык база катары киргизилип, маселеге байланышкан жаңы көз караштар, пикирлер сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору республикалык жана эл аралык (Индия, Түркия, Македония, Казакстан, АКШ) илимий конференцияларда, симпозиумдарда, семинарларда апробацияланды. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий журналдарда жарыяланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын темасынын алкагында 20 га жакын илимий макалалар жана баяндамалардын толук тексттери жарык көрдү. Алардын ичинен чет тилинде 3 макала Web of Science жана Scopus системасында катталган журналдарда, 4 макала РИНЦте катталган КР УАК сунуштаган республикалык илимий басылмаларда жарык көрдү. Изилдөө иш илимий эмгек катары 2014-жылы Кыргыз-Түрк Манас университетинин басмаканасынан китеп болуп басылып чыккан.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган булактардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Тиркемелерде дипломатиялык каттар жана терминологиялык сөздүк орун алган.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңычылдыгы, практикалык жана теориялык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн апробацияланышы, иштин түзүмү тууралуу маалыматтар камтылган.

**“Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштарын изилдөөнүн тарыхнаамасы”** аталган биринчи бап төрт топко бөлүнүп каралды. *Биринчи бөлүмүндө* орус тарыхнаамасы (революцияга чейинки мезгил, Совет мезгили жана постсоветтик мезгил) камтылды. Андагы *революцияга чейинки* мезгилдеги илимий изилдөөлөрдө Орто Азия менен Осмон мамлекетинин байланыштары тууралуу учкай гана кеп кылынган. Анткени, XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын башына чейинки мезгилде Орто Азия Россия жана Британия империясынын “чоң саясий оюн” (The Great Game) деп аталган геосаясий тирешүүсүнүн бутасында калгандыктан, изилдөөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү эки империянын саясатына байланыштуу талданып келген. Аларга М. Грулев, Г. Де-Лакость, Ф.Ф. Мартенстин эмгектери мисал боло алат. Осмон мамлекети сыяктуу объекттер илимий изилдөө айлампасына дээрлик алынбагандыктан, Россия империясы мезгилинде Казань, Санкт-Петербург шаарларындагы чыгыш таануу жаатында жүргүзүлгөн изилдөөлөр Түркиянын (Осмон мамлекети тууралуу сөз болуп жатат) жалпы тарыхына гана ыкталган.

В.П.Наливкиндин (1886) эмгегинен Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын элчилик байланыштары, диний алакалары тууралуу маалыматтарды кездештирүүгө болот.

Революцияга чейинки мезгилге таандык Орто Азия аймагын Осмон мамлекети менен байланыштырган саясий окуялардын бирине 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү кирет. Аталган көтөрүлүш тууралуу В.П. Сальковдун (1901) эмгегинде көтөрүлүштү жетектеген Дукчи ишандын Константинополь (Стамбул) менен байланышы болгонунан кабарлайт.

М.А.Терентьевдин (1876, 1906) эмгектери илимий ишти изилдөөдө маанилүү. Анда Орто Азия хандыктары түрк султанынан кат алуулары, саясий байланыштары жана буга мисал катары Анжиян көтөрүлүшүн жетектеген ишан менен алака болгону баяндалган.

Илимий ишке байланышкан хронологиялык доор алкагында, Орто Азия менен Осмон мамлекетинин саясий байланышындагы орток көйгөй Россия империясы болгон. Орто Азия хандыктарын Россия империясынын каратып алуу саясатына байланыштуу, Осмон мамлекети менен болгон дипломатиялык мамилелерден тышкары аталган доордо орус-түрк согуштары орун алган. Аталган эки мамлекет арасындагы кызыкчылыктар маселеси тууралуу Ф.Ф. Мартенстин (1880) эмгегинде кездешет. Анын берген маалыматы боюнча Россия империясынын Түркия менен байланышындагы негизги кызыкчылыгы Осмон мамлекетине караган христиан динин тутунган элдерди коргоо негизги орунда турган. Ал эми Англия Орто Азиядагыдай Түркияга жүргүзгөн саясатында да жеке кызыкчылыгын биринчи орунга коюп келген. Мындан аталган доордогу империялар жеке кызыкчылыктарында экспансия саясатын ишке ашыруу үчүн дипломатиялык байланыштарын жүргүзүп келишкени ачык көрсөтүлөт.

*Совет мезгилинде* Азия жана Африка өлкөлөрү боюнча адистешкен А. Д. Новичев (1968, 1972, 1972) жана Ю. А. Петросян (1971, 1978, 1990) өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүндө Осмон мамлекетинин тарыхын изилдөөгө алышкан. Бирок, ал учурда совет идеологиясынын тассиринен улам изилдөө ишке байланышкан маселелер көз жаздымда калтырылып, дагы көбүрөөк илим дүйнөсүндө Орто Азия темасында Англия жана Россияга гана өзгөчө басым жасалган.

Россия жана совет доорундагы изилдөөчү В.В. Бартольддун (1927) эмгегинде илимий иштин локалдык аталышындагы Орто Азия же Түркстан термини тууралуу маалымат берүү менен бирге башка аталыштардын да колдонулганын билдирип кетет. Анда Кичи Бухара катары Кашгария, чоң Бухара болсо Орто Азия аталып, англис изилдөөчүлөрдүн демилгеси менен Батыш жана Чыгыш Түркстан аталышы да кездешкенин билдирет.

П. Г. Галузонун (1929) эмгегинде Осмон-Орто Азия саясий байланыштары жана панисламизм агымы тууралуу маалыматтар кездешет. З.Д. Кастельскаянын (1980) эмгегинде 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүн чыгаргандар жергиликтүү феодалдар, диний кызматкерлер жана панисламисттер өздөрүнүн максатына жетүү үчүн ислам динине ишенгендер биригип, кайырдиндегилерге каршы ыйык согушка чыгышына үндөшкөнү тууралуу маалымат кездешет.

Н. М. Лавров (1952) эмгегинде XX кылымдын башындагы Осмон мамлекетинде саясий жактан чоң өзгөрүүлөрдүн болушуна себепкер болгон жана ошол эле мезгилде Орто Азияда да өзүнүн саясатын жүргүзүп келген “жаш түрктөрдүн” кыймылында биримдүүлүк болбогонун берет.

Б. Д. Джамгерчиновдун (1957) эмгегинде азыркы Кыргызстан аймагын да кучагына алган Кокон хандыгы ислам динин катуу карманып, мечиттер куруп, ишан жана дервиштердин иш-чаралары жайылганы айтылат. Ушул эле автордун (1966) башка эмгегинде эски феодалдык абалды кайрадан алып келүүгө аракет кылгандар элди “газават” лозунгу менен өздөрүнүн максаттарына жетүүдө пайдаланышканы боюнча, панисламизмдин саясий аренадагы ролунан кабарлайт.

К. Е. Бендриковдун (1960) жана А. Чукубаевдин (1967) эмгектери Орто Азиядагы массалык маалымат каражаттары, билим берүүчү жайлар тууралуу маалыматтардын ичинде Осмон мамлекети менен маданий байланыштарды камтып кетет. К. У. Усенбаевдин (1960) жана Atabek uulu Fazılbek тин (2010) эмгегинде, 1898-жылдагы көтөрүлүштү жетектеген адамдар тууралуу маалыматтар кездешет.

Н. А. Халфиндин (1960) эмгегинде Англия империясы Россия империясы менен теңтайлашууда Осмон мамлекети менен байланышып келгени тууралуу маалымдалат. А.Д. Новичевдин (1968) эмгегинде илимий иште колдонулган архив булагындагы ферганалык Рахметтин перс тилинен мугалим болуп иштеген окуу жайы тууралуу маалымат кездешет. Автордун оюу боюнча 1839-жылы ачылган медициналык окуу жайы (Mekteb-i Tıbbiye-i Aliye-i Şahane) султан Махмуд II билим жана саламаттыкты сактоо маселесинде өз мезгилинин эң чоң реформасын ишке ашырган. Ушул эле автордун “История Турции” (1973) аталышындагы эмгегинде 1839-1853-жылдардагы Осмон мамлекетиндеги саясий, экономикалык жана маданий абалы тууралуу маалыматтар камтылган. Анда Осмон мамлекети 1850-жылдарга чейин тышкы байланыштарын бекемдөөгө аракет кылганына карабастан танзимат реформасынан кийин кулоо процесси уланганын кабарлайт.

Г. Б. Никольская менен А. М. Матвеевдин (1969) эмгегинде Осмон мамлекети менен эң көп мамиле түзгөн Кокон хандарынан Мадали хандын калк арасында кадыр-баркы түшкөнүнө карабастан анын доорунда хандыктын аймагы кеңейгени боюнча маалыматтар берилет. Ю. А. Петросяндын (1971) эмгегине караганда XX кылымдын башындагы Осмон мамлекетиндеги жаш түрктөрдүн кыймылындагы пантуркизм идеясы Орто Азияга чейин тараган. Ошол эле автордун (1990) экинчи эмгеги Осмон мамлекетинин түптөлүшүнөн тарта, Тимур менен болгон Анкара согушу, Константинополдун алынышы, мамлекеттин чыгыш, батышка жортуулдары, өлкөдөгү көтөрүлүштөр, XVII кылымдагы империянын оор абалы, Осмон мамлекети менен Россия империясынын ортосундагы согуштар, мамлекетти сактап калуу үчүн жүргүзүлгөн реформалар, мамлекеттеги биринчи конституция, султандын чексиз бийлиги, революцияга карай багыт алуу жана султандын тактыдан кулашы тууралуу маалыматтарды камтыган жалпысынан Осмон империясынын саясий, экономикалык жана маданий тарыхынан кабар берет.

Х.Н. Бабабековдун (1990) эмгегинде Англия өкмөтү Кокон, Бухара, Хива хандыктыктарын бириктирип, Россияга каршы союз түзүүнү максат кылгандыгы тууралуу жазылат. Мындай аракети ишке ашкан эмес. Советтер Союзу кулагандан кийин *постсовет мезгилиндеги* изилдөөлөрдүн арасына Россия Федерациясында жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр кирет. Буга А.Д. Васильевдин илимий эмгектерин жана макалаларын алсак болот. Анын (2019) эмгегинде Осмон мамлекети жалпы мусулман дүйнөсүнө гуманитардык таасир тийгизген негизги курал болуп калганынан кабарлайт.

*Биринчи баптын экинчи бөлүмү* түрк тарыхнаамасы деп аталып, анда Осмон мамлекети доорунда жана Түркия Республикасы мезгилинде жазылган эмгектерди кучагына алат. *Осмон мамлекетинин доорунда* жазылган Хива хандыгынын Россия империясына каратылышы тууралуу маалымат берген Ali Suavi нин (1908) эмгегинде хандыктын Осмон мамлекети менен саясий байланышы болгонуна карабастан султандын бул маселеде жетиштүү өлчөмдө бекем болбогонун билдирет. Mehmet Emin Efendi (1878) түбү түркстандык болгонуна карабастан билим алуу үчүн Стамбулга барганын булактардан алынган маалыматтар тастыктап турат. Ал эмгегинде XIX кылымдагы Орто Азиянын геосаясий абалы боюнча маалымат берген. Анда аталган аймактын түндүктөн Россия империясы, чыгыштан Кытай жана түштүктөн Англиянын ортосунда кысылып калган аймак катары баалаган. Lütfi Efendi нин (1900) эмгеги түркчүлүк агымы жана анын Орто Азиядагы иш-чаралары тууралуу маалыматтарды камтыйт. Автор Орто Азия мусулмандарынын Россия империясына каршы ийгиликсиз болушунун негизги себептери катары ошол мезгилдеги заманбап курал-жарактарынын жоктугу жана даярдыгынын жеткиликтүү болбогондугу менен байланыштырган.

*Түркия Республикасында* Орто Азия аймагын да камтыган түрк дүйнөсүнүн тарыхына болгон кызыгуу жана изилдөө иштери Ататүрктүн мезгилинде башталып, 1931-жылы Анкара шаарында Түрк тарых коому түптөлгөн. Зеки Велиди Тоган (Заки Валидов) Түркияда жалпы Түркстан аймагынын тарыхын изилдеген тарыхчылардын сап башында турат. Ал (1890-1970) түбү башкыр болгонуна карабастан, Түркиядагы таанымал илимпозго айланган. Анын Түркстан тарыхына тиешелүү (1981), (1980) эмгектери бар. Анын эмгегинде Түркстан

аймагынын географиялык, административдик түзүлүшү, Россия империясынын мезгилиндеги Түркстан аймагынын тарыхына токтолот. Башка (1980) эмгегинде ислам дининин түрк элдеринде жайылышында тарикаттардын ролу тууралуу маалыматтар камтылган.

Түркия республикасы мезгилинде Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы байланыштар тууралуу изилдөөчүлөрдүн катарына Баймырза Хайитти кошууга болот. Анын (1997) эмгеги XIX-XX кылымдын башындагы Түркстандагы саясий окуялар, айрыкча Россия падышачылыгынын Орто Азияны басып алуу саясатын, ага каршы күрөштөрдө Осмон мамлекетинин орду талдоого алынган. Аталган автордун (1975) илимий эмгегинде Кытай менен Россиянын Түркстанга экспансия саясатын жүргүзгөн мезгилиндеги саясий абал тууарасында маалыматтар камтылган.

Түркияда Россиянын тарыхы боюнча дасыккан адис катары Akdes Nimet Kurat таанылат. Анын (1987) эмгегинде Гаспринский, Акчуралардын жайган түркчүлүк, панисламизм агымынан улам Орто Азия калкынын арасында Түркияга карата симпатия артканын белгилейт. Mehmet Saray дын (1994) эмгегинде Англиядагы архив документтерин да пайдаланып, Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын дипломатиялык байланыштарын изилдеген.

Abdülkadir Macit (2009), Erhan Yoska (2011), Mustafa Tanrıverdi (2023), Ebubekir Güngör (2018), Fatma Özaba нын (2020) эмгектери түрк тилинде Осмон мамлекети менен Орто Азия байланыштарын илим дүйнөсүнө ар тараптуу чагылдырган заманбап эмгектер.

*Биринчи баптын үчүнчү бөлүмүндө* Түркстанда Россия, Кытай жана Англиянын саясатынан улам изилдөө ишке байланышкан англис тилинде жазылган эмгектер тууралуу маалыматтар жайгашкан. Буга мисал катары Арминий Вамберинин (1868) эмгегинде Орто Азиядан ажылык сапарга аттангандардын көбүнчөсү Бухара, Хива, Кокондон Персия аркылуу Түркияга-Стамбулга барып, апталап туруп калгандарын жана султандан материалдык жардам алгандары тууралуу маалыматтарды берет.

Ал эми экинчи батыш тилинде жазылган булак катары Adeeb Khalid дин (1999) эмгегинде Орто Азия аймагына XX кылымдын башында Россия империясынан жана Осмон мамлекетинен китептер келгендигинен кабарлайт. Француз Jean-Louis Bacqué-Grammont тун (2000) эмгегинде 1909-1914-жылдары орто азиялык Фитрат (1886-1938) Стамбулда окуганы тууралуу маалыматтар кездешет.

*Биринчи баптын төртүнчү бөлүмү борбордук азиялык* изилдөөлөрдү камтыйт. Орто Азия мамлекеттери эгемендүүлүгүн алган соң изилдөөлөр ар бир мамлекеттин алкагында жүргүзүлүп келет. Өзбекстан, Кыргызстан, Түркменистан жана Тажикстанда XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Орто Азиянын Осмон мамлекети менен байланыштары архив документтеринин, илимий булактардын негизинде изилденип келе жатат. Муну менен катар Россия Федерациясында да жогоруда көрсөтүлгөн хронологиялык алкакта дипломатиялык байланыштар изилдөөлөрдө колго алына баштады.

*Өзбекстанда* Sherzodhon Mahmudov" (2018) илимий макаласында Орто Азия хандыктарынан Константинополго элчилик кызматын кылгандар диний аалым жана диний кызматтагы адамдар тууралуу баяндалган. Орто Азия аймагындагы мамлекеттердин бири катары *Тажикстанда* да изилдөө ишке байланышкан М. Давлатов менен Б. Турсуновдун (2021) макаласы Омор, Мадали жана Кудаяр хан учурундагы Осмон мамлекети менен болгон элчилик алакалар тууралуу маалыматтарды камтыйт.

Ата мекендеги изилдөөчүлөрдүн арасынан Ташын Кененсариевдин (1997) эмгегинде Анжиян көтөрүлүшүн жетектеген Дукчи Ишандын стамбулдук султан менен байланышы тууралуу маалыматты камтыйт. Алынган маалыматтарга ылайык, XIX кылымдын биринчи жарымында Орто Азиядагы хандыктар Осмон менен да Россия империясы менен да дипломатиялык байланышын жүргүзүп келишкен. В. Плоскихтин (1991) эмгегинде 1839-жылы Стамбулда Россия империясынын элчиси А. Бутеновго Кокон хандыгын элчиси жолугуп, кийинки жылы хандын атынан Петербургга да элчи бара тургандыгын маалымдаган. Жогорудагы ата мекендеги изилдөөчүлөрдөн XIX-XX кылымдын башындагы кыргыздардын тарыхнаамасындагы маселелер боюнча өзүнүн изилдөөлөрүн жүргүзгөндөрдүн катарына Ж.

Ж. Жакыпбековду кошууга болот. Анын эмгегинде илимий ишке байланышкан түрк изилдөөчүлөрдөн Баймырза Хайит, Мехмет Сарайдын эмгектерине анализ жүргүзгөн.

“Шабдан баатыр: Эпоха и личность. Документы и материалы” (1999) аталышындагы коллективдин түзүүсү менен жарыяланган эмгекте Орто Азия элдеринин бири болгон кыргыздар менен Осмон мамлекетинин ортосундагы диний алакага тиешелүү маалыматтар берилген. Эгемендүүлүк доорунда Анжиян көтөрүлүшү жана андагы түрк султанынын салымы маселеси тууралуу маалымат берген эмгек Т. Кененсариев менен Ж. Авазовго таандык. Алардын (2002) эмгегинде көтөрүлүшкө түрк султанынын тиешеси боюнча талдоо жүргүзүшкөн.

Осмон мамлекети менен Орто Азиядагы билим берүү маселесине байланышкан архив документтеринде көбүнесе мектеп, медреселерге китептерди алып туруу үчүн элчиликтер хандыктардан Константинополго барып турганы маалымдалат. XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын башында Орто Азияда үч билим берүүчү жайды көрүүгө болот. Алар хандыктардан бери келе жаткан мектеп, медреселер, Россия империясы тарабынан ачылган тузем мектептери жана  Исмаил Гаспринский тарабынан ачылган жадид мектептери. Кыргызстанда ачылган жадид мектептери жана алардагы билим маселесинде алгылыктуу Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы аталышындагы эмгек А. Кубатовага (2012) таандык.

Экинчи бап, **“Изилдөөнүн булактык базасы, методологиясы жана методдору”** деп аталып, эки бөлүмдөн турат. Илимий иштин булактык базасы, Изилдөөнүн методологиясы жана методдор. Тарыхый даректерди изилдөөдө, талдоодо жана тыянак чыгарууда архивография өзгөчө орунду ээлейт. Илимий изилдөөнүн булактык базасын архив документтери түздү жана алар диссертацияда экиге бөлүнүп каралды. Негизги булактык базанын көпчүлүгүн Стамбул шаарында жайгашкан Осмон мамлекетинин архивиндеги материалдар, азыраак бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик архивинен алынган материалдар түздү. Бул бапта, изилдөөдө колдонулган булактар жана илимий ыкмаларга мүнөздөмө берилди. Алынган маалыматтарга ылайык, Осмон мамлекетинин архив системасынын абдан бекем пайдубалы болгон жана андагы Орто Азияга тиешелүү архив документтеринен көптөгөн маалыматтарды алууга болот. Аталган өлкөнүн архив системасы XIX кылымда бекемделген жана архив документтерин жайгаштыруу үчүн атайын Йылдыз аталышындагы архив имараты курулган. Ар бир архив материалы жана документ айга, күнүнө жараша иретке келтирилип, таңгакталып, тиешелүү мекемеден архив сарайына жиберилип турган.

Изилдөөнүн методологиялык базасы жана принциптери изилдөөнүн объектисине, коюлган максаттарына жана милдеттерине жараша аныкталат. Мындан улам илимий изилдөөдө колдонулган методдорду бир канча бөлүктөргө бөлүп кароого болот. Архив документтери менен иштөө жана аларды талдоо үчүн тарыхты изилдөөнүн методдорун пайдалануу максаты көздөлдү. Мында изилдөө ишке байланышкан маселелер туурасындагы көз караштар анализделип, объективдүү жыйынтыктарды чыгарууда *сыпаттама метод*у колдонулду. Архив документтеринен алынган маалыматтар темага байланышкан илимий эмгектердеги маалыматтар менен салыштырылды. Асыресе пайдаланылган архив документтери осмон тилинде жазылгандыктан аларды чечмелеп берүү менен бирге кошумча ачыктоолорду камтуу аркылуу *интерпретациялоо усулу* колдонулду. Архив материалдарын пайдаланууда аларды тематикалык жактан классификациялоо аркылуу *структуралык метод* пайдаланылды. Мындай методдорду илимий изилдөөдө пайдаланууда белгилүү тарых изилдөө методдоруна байланышкан эмгектерге сереп салынды. Аларга мисал катары төмөндөгү эмгектерди саноого болот.

Umberto Eco нун (1977)  жана И. Д. Ковальченконун (2003) эмгектери тарыхый изилдөө ишинин методдору тууралуу деталдуу маалыматтарды берет. Андан кийинки мезгилдерге таандык тарых изилдөө методологиялары боюнча эмгек Marc Bloch (1992), Түркияда түрк тарыхчылардын арасында Mübahat Kütükoğlu нун  эмгектери (1998), (2014) мисал боло алат.  Алардын эмгектеринде гуманитардык багыттагы изилдөө иштерин жүргүзүүнүн усулдары боюнча маалыматтар камтылган. Изилдөөнүн методологиялык

негизи катары булактык материалдарды талдоодо *талдоо* жана *тарыхый-салыштырма* ыкмасы колдонулду. Архивдик документтердеги тарыхый фактылар алгач өз мезгилинде жазылган тарыхый эмгектердеги, андан соң илимий эмгектердеги маалыматтар менен салыштырылып изилденди. Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы мамилелер жана алардын натыйжалары ошол мезгилдеги болгон саясий окуялар менен байланыштырылды.

Илимий ишке байланышкан Осмон мамлекетине таандык архив документтеринин дипломатиялык тили бүгүнкү күндөгү түрк тилине окшошпойт жана алда канча айырмаланып турат. Анткени анын сөз казынасында абдан көп араб жана перс тилинен келген сөздөр, сөз айкаштары кездешет. Натыйжада жогоруда баяндалган түрк изилдөөчүсү Kütükoğlu нун жогоруда белгиленген эмгектери Осмон мамлекетинин эпистолярдык жанрын талдоодо пайдаланылып, Осмон мамлекетинин дипломатиялык байланыштарындагы эпистолярдык жанры, документтин жазылуу эрежелери тууралуу маалыматтар алынды. Мындан башка Tuncer Baykara нын эмгеги изилдөө ишти жүргүзүүдө, методдорду пайдаланууда көмөк көрсөттү.

Осмон мамлекетинде календар катары мусулман жыл сүрөсү колдонулгандыктан буга байланышкан эмгектер анализделип, маалыматтар алынды. Ага датаны конверсиялоо боюнча Faik Reşit Unat тын (1994) эмгеги пайдаланылды. Бүгүнкү күндөгү түрк тилинен осмон тилинин алда канча айырмалуу экени жогоруда баяндалды. Мындан улам архив документтерин талдап, аңдоодо пайдаланылган эмгектердин катарында Ferit Devellioğlu нун (2000) Осмон тилинин сөздүгү мисал боло алат.

Изилдөөдө жалпысынан хандыктардын жана андан кийинки мезгилде Орто Азиянын Осмон мамлекети менен жогоруда аты аталган багыттагы байланыштары боюнча бөлүмдөргө бөлүүгө туура келип, тематикалык жактан *классификациялоо методу* колдонулду. Анткени ар бир хандыкты өз алдынча илимий изилдөөдө бөлүм катары кабыл алган учурда Орто Азия хандыктарынын саясий, экономикалык жана маданий абалын жалпы көз алдыбызга элестетүү татаалга турмак. Архив документтердеги чыгарылган чечимдер да Осмон мамлекетинин ар кайсы мекемесинен чыккандыктан изилдөөнү бөлүмдөргө ажыратууда документтин мазмуну негизги орунда турду. Ар бир архив документи Осмон мамлекетинин ар кайсы мекемеси тарабынан чыккан чечим болгондуктан, алардагы документация иши тууралуу маалыматтарды алуу зарылчылыгы да жаралды.

Осмон мамлекетинин эпистолярдык жанры, документация иштеринин өзгөчөлүктөрү тууралуу илимий эмгектерден маалыматтар алынган соң, архив документтердеги тарыхый фактыларды тизмелеп, алардагы маселени өз мезгилинде жазылган тарыхый эмгектерден таап, бир натыйжа чыгаруудан мурун кийинки жазылган илимий эмгектердеги маалыматтар менен салыштырып, толуктоо аркылуу жаңы илимий жыйынтыктар алууда *салыштыруу методу* пайдаланылды.

**Изилдөөнүн объекти**. Осмон мамлекети менен Орто Азия ортосундагы саясий, экономикалык жана маданий байланыштар изилдөөнүн объекти саналат.

**Изилдөөнүн предмети**. Осмон мамлекети менен Орто Азия аймагы жана алардын байланыштары архив документтеринде орун алыш маселеси; Осмон мамлекетинин архив документтериндеги байланыштардын түрлөрү жана мүнөзүнүн чагылдырылышы; эки тараптуу мамилелердин көздөгөн максат, милдеттери; экономикалык жана саясий байланыштардын жүзөгө ашырылышы; Орто Азиянын Россия империясына каратылып алынган мезгилдеги саясаттын өзгөрүшү жана анын түрлөрү эсептелинет.

**"Осмон мамлекети менен Орто Азиянын саясий абалы жана алардын дипломатиялык байланыштары"** деп аталган үчүнчү бап Осмон мамлекети менен Орто Азиянын саясий абалы жана дипломатиялык мамилелери, Осмон мамлекети менен Орто Азиянын саясий байланыштары аталышында эки баптан туруп, изилдөө темасынын объекти болгон Осмон империясы менен Орто Азиянын хронологиялык алкактагы саясий абалы

анализделип, Осмон мамлекетинин Орто Азияга болгон саясаты боюнча маалыматтар орун алган.

XIX к. аягында жети жүз жылдай жашап турган Осмон империясы Африка, Азия жана Европага чейин кучагына алган аймактарын жоготуп, XX к. башында азыркы Түркия Республикасынын территориясы менен чектелип калган. Анын кулашына ички жана тышкы факторлор себеп болгон. Мамлекеттеги ички факторлорго азчылыкты түзгөн калктардын тынымсыз көтөрүлүштөрү, тышкы факторлорго болсо тынымсыз жүргөн согуштар жана Биринчи Дүйнөлүк согуш кирген.

I Дүйнөлүк согушта (1914-1918) Осмон мамлекети Германия тарапта болуп, Балкан жарым аралында жоготкон аймактарын кайра алууну көздөгөн. Натыйжада Кавказ, Дарданелл (Чанаккале), Ирак, Йемен-Хижаз, Македония, Сирия-Палестина фронтторунда Осмон мамлекети согушка катышкан. Бардык империялар сыяктуу эле тышкы фактор катары I Дүйнөлүк согуштун таасири да анын кулоосун тездеткен.

Болжол менен жети жүз жылдай жашаган Осмон мамлекетинин архивдик системасында, Орто Азия хандыктары менен дипломатиялык байланышты айгинелеген документтер аз эмес. Алардын көпчүлүгү султан Абдулхамид II мезгилинде Йылдыз сарайында курулган “Йылдыз” архивинде жайгашкан. Анда Осмон мамлекетинин султандары менен Орто Азия жана башка өлкөлөрүнүн расмий каттары да орун алган. Андагы дипломатиялык каттардын мазмунунан эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык, саясий, маданий, гуманитардык жана диний байланыш тууралуу маалыматтарды кезиктирүүгө болот. Мындай байланыштар ички жана тышкы факторлордун таасиринин натыйжасында кээ бир учурларда үзгүлтүккө учурап келгени байкалат.

Орто Азия аймагында XIX к. жана XX к. башталышында оор тарыхый кырдаал жаралган. Саясий жактан Орто Азиянын Россия империясына каратылышы, көптөгөн саясий окуялардын өтүшү, ири мамлекеттерден Россия, Англиянын аталган аймакта жеке кызыкчылыгын көздөгөн саясаты көңүлдү бурат. Булардын арасында Осмон мамлекети да Орто Азия менен беш кылымдай үзгүлтүктүү түрдө өзүнүн байланышын бир нече багытта сүрдүрүп келгенин көрүүгө болот.

Орто Азия менен Осмон мамлекетинин ортосундагы саясий байланыштарда экөөнүн арасында тышкы маселе жараткан мамлекет катары Россия империясы каралып келген. Россия империясы Кара-Деңиз, Босфорго ээлик кылуу маселесинен улам султандык бийлик менен бир нече жолу согушкан. Орто Азия аймагын Россия империясы каратып алуусунун натыйжасында хандыктарда башкаруу системасындагылардын кайрадан бийлигин алып келүү аракетинен улам султан менен саясий ымалаларын улантып келишкен. Мындан тышкары саясий алакаларда Осмон мамлекетинин мусулман элдерде, өлкөлөрдө халифат катары таанылгандыктан андан Орто Азия хандыктары бийлигин бекемдөөдө жана аны расмий таанытууда пайдаланып келишкен.

**“Осмон мамлекети менен Орто Азиянын экономикалык, маданий жана диний мамилелери”** деген төртүнчү бапта алгач Осмон-Орто Азия экономикалык байланыштары тууралуу маалыматтар камтылып, бир канча бөлүккө бөлүп каралган. Биринчи бөлүмдө мамлекеттик масштабда курал-жарак, аскердик жардам жана өнөр боюнча адис менен металл иштетүү боюнча адистерге муктаждыктарын билдирип кайрылып турушканы тууралуу маселелер камтылган. Бирок Орто Азия аймагынын Россия империясына карап калышы жана географиялык жактан алыс жайгашуусунан улам алакалар көздөгөндөй ишке ашпай келген.

Экинчи бөлүмдү болсо, Меке шаары Осмон мамлекетине карагандыктан жана жол багыты Стамбул аркылуу өтүлгөндүктөн орто азиялык ажыларга султан тарабынан мамлекеттик масштабда мезгил-мезгили менен материалдык жардам көрсөтүлүп турган маалыматтар түзөт. Ошол эле мезгилде Мекеге ажылыкка барууну жеңилдетүү максатында курулган темир жолго орто азиялыктардан да материалдык жардам көрсөтүлгөнүн архив документтери тастыктап турат. Аталган темир жол казынада акчасы тартыш болгон султандын ажылыкка баруу ишин оңойлотуу максатында темир жолду куруу ишине

баштатканы менен негизги маселе ошол мезгилдеги Осмон мамлекети көптөгөн аймактарынан кол жууп жаткан учур болгон. Темир жолдун курулушу мусулман дүйнөсү үчүн ыйык жана маанилүү деп эсептелген. Ал Меке жана Мединаны алдырып жибербөө үчүн жасалган долбоор болгон. Темир жол куруу аркылуу бир эле саясий максатка жетпестен ошол эле учурда Осмон мамлекетине караган аймактарда соода жүргүзүүнү поезд аркылуу ишке ашыруу экономиканы көтөрүүгө өбөлгө түзмөк. Арийне I Дүйнөлүк согуштан кийинки жагдайлардан улам темир жол Осмон мамлекетинин мураскору Түркиянын аймагына кирбей калган. Темир жолдун 1908-жылы бүткөнүнө карабастан, болжол менен ал алты жылдай гана кызматын аткара алган. Согуштан кийин темир жолдун калдыктары Палестина, Иордания жана Сауд Аравиянын аймагына карап калган.

Үчүнчү бөлүмдү он тогузунчу кылымдын аяк чендеринде орто азиялыктардын жеке маселелери боюнча султандык бийликтен жардам алуулары түзөт. Анда Осмон мамлекетинин жарандыгын алуу аракеттери жана жайгашуу процессинде убактынча жардам, кол-кабыш кылынганы тууралуу маалыматтар камтылган. Кийинки бөлүмдү болсо Орто Азиядан барган мусулмандар султандан материалдык жардам алып турганы түзөт.

Осмон-Орто Азия XX кылымдын башында экономикалык байланышында пахта чигитин алуу үчүн султандын бажы төлөмдөрүнөн орто азиялыктарды бошотуусу жана алардын пахтасынын башкалардыкынан алда канча сапаттуу экени тууралуу маалымат көңүлдү бурат. XIX кылымдан бери Америка Кошмо Штаттарынан пахта алып турган Осмон мамлекети аталган кылымдын аяк ченинде багытын өзгөртүп, Бухарадан ала баштаган. Хандыктар жоюлуп, Россия империясына караган кезде Осмон мамлекетинин аларга Россия мусулмандары деп аташы сымал, пахтаны Орто Азиядан алгандыктан Бухара аталышы алдыңкы планга чыгып, Түркстан аталышынын ордуна Америкадагы изилдөөлөрдө Чоң Бухара аталышы менен Орто Азиядагы падышачылык Россияга караган хандыктар, Кичине Бухара деп Кытайга карап калган Кашгар хандыгын аймагы аталып келет. Бул жагдай Бухаранын пахта өстүрүүчүлүгүнүн таасиринен улам таанылышы менен ачыкталат.

Осмон мамлекетинен Орто Азия аймагына ислам динине байланышкан жана осмон мамлекетинин тилине байланышкан китептер жиберилип турулган. Диний китептерди негизинен куранды кыраатты менен окууга арналган жана пайгамбарлардын өтмүшү тууралуу китептер түзгөн. Мындан тышкары Осмон мамлекети менен Орто Азиядагы билим берүү маселесинде султандык өкмөттөгү окуу жайларга орто азиялыктардан барып турганы көңүлдү бурат. Ибн Синанын “Шыпаа китебин” медициналык окуу жайда пайдалануу максатында Ферганадан перс мугалимдерин алдырып турушканын архив материалдары тастыктап турат. Китеп жана окуу жайда иштөө же билим алуудан сырткары XX кылымдын башында чакан брошюралар, гезиттер Орто Азияга да Осмон мамлекетине да барып турган. Аларга бир мисал Тержүман гезити болуп саналат.

XX кылымдын башында жаш түрктөр деп аталган Франциядан билим алып келген жаштар бир гана Осмон мамлекетинде эмес Орто Азияда дагы пантуркизмди жаюуда чоң роль ойноп келишкен. Алар билим берүү, массалык маалымат каражаттары аркылуу түрк дүйнөсүндө улуттук аң сезимди ойготууга жана ан үчүн күрөшүүгө колдон келишинче аракет кылышкан.

Орто Азия элдери өз доорунун маалымат алуу түйүнүн түзгөн гезиттерден ар кандай темада маалыматтарды алып турушкан. Анын ичинде орус-түрк согуштары сымал саясий окуялар да камтылып келген. Муну менен катар “Гап”, “Машрап” аталышындагы Орто Азиядагы уюмдар өздөрүнүн жашыруун пландарын ишке ашыруу аракетинде болушкан.

Орто Азияда XIX-XX кылымдын башындагы билим маселеси ислам динindеги китептерден маалымат алууга таянып, аларды тажик жана осмон тилинде үйрөнүп келишсе, бара-бара өздөрүнүн ачкан басмаканаларынан да китептерди, брошюраларды чыгарып турушкан. Бирок жогоруда аталган доордо Орто Азияда хандыктардан бери келген мектеп-медреселер, жадид мектептери жана тузем мектептери болуп, үч түрдүү билим берүүчү жайлардын болгону маалым. Аталган билим берүүчү жайлардан билим алган жергиликтүү калктын жаштары жылдар өтүп коомдо өздөрүнүн ордун ээлешкен.

Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланышында диний алакалар саясий мамилелерден кийинки эң көп байланышты түзгөн маселе болуп эсептелет. Орто Азиядагы мамлекеттер султандын бийлигин халифат катары карагандыктан аны менен диний байланыштарды бекем жүргүзүп келишкен. Мындай алаканын бекем болушун ырастаган экинчи маанилүү себеп ыйык деп эсептелген Меке, Медина шаарлары Осмон мамлекетинин карамагында болгон. Диний байланыштар аркылуу Орто Азиядагы хандыктар жана жергиликтүү төбөлдөр өздөрүнүн бийлигин таанытуу же зоболосун көтөрүү максатын да көздөп келишкен. Мындай расмий диний байланыштар он алтынчы кылымдан тарта жыйырманчы кылымдын башына дейре султандык бийликтин халифаттык статусу кулаганга чейин уланып келген. Ошентсе да Орто Азиядан ажылыкка баруу катардагы адамдын эмес, мамлекеттик кызматта болгон шайхулислам, казы-калян, сопулар, ишандардын гана энчиси болгон.

## КОРУТУНДУ

1. XIX-XX к. башындагы Осмон мамлекетинде да, Орто Азия мамлекеттеринде да саясий кырдаал өтө оор абалда болгон. Осмон мамлекети көптөгөн аймактарын жоготкон. Орто Азия хандыктары Россия империясына каратылган.
2. Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин дипломатиялык байланышы тууралуу Осмон империясынын мамлекеттик архивиндеги материалдардан маалыматтар алынды. Осмон мамлекетинин тыш өлкөлөргө болгон расмий жазышма жана архивдик түзүлүшү өтө дыкат иштелгени, ар бир маселени талкуулоодо жана ал боюнча чечим чыгарууда алгач тиешелүү мекеме, андан соң баш вазир, андан баш катчы, эң соңунда султандын буйругу менен иш жүзөгө ашырылып келингени такталды.
3. Осмон мамлекети Орто Азия мамлекеттерине таянычы катары карап келсе, Орто Азия мамлекеттери Осмон мамлекетин колдоочусу жана ислам дүйнөсүнүн мураскору катары санап келген. Муну менен бирге хандыктар Осмон мамлекетин саясий жактан өзүнөн алда канча жогору койгон.
4. Орто Азия менен Осмон мамлекетинин ортосундагы саясий байланыштарда экөөнүн арасында тышкы маселе жараткан мамлекет катары Россия империясы каралып келген. Россия империясы Кара-Деңиз, Босфорго ээлик кылуу маселесинен улам султандык бийлик менен бир нече жолу согушкан. Орто Азия аймагын Россия империясы каратып алуусунан улам, хандыктарда башкаруу системасындагылардын кайрадан бийлигин алып келүү аракетинен улам султан менен саясий ымалаларын улантып келишкен. Ал эми Осмон-Орто Азия экономикалык байланыштарын болсо бир канча бөлүккө бөлүп кароого болот. 1). Биринчи бөлүмдө мамлекеттик масштабда курал-жарак, аскердик жардам жана өнөр боюнча адис менен металл иштетүү боюнча адистерге муктаждыктарын билдирип кайрылып туруулары; 2). Орто азиялык ажыларга султан тарабынан мамлекеттик масштабда материалдык жардам көрсөтүлүүсү; 3). Орто азиялыктардын жеке маселелери боюнча султандык бийликтен жардам алуулары түзөт. Ага Осмон мамлекетинин жарандыгын алуу аракеттери мисал боло алат; 4). Осмон-Орто Азия пахта байланышы.
5. Осмон мамлекети менен Орто Азия маданий байланышында султандык бийлик тарабынан диний китептер жиберилип турулган. Мындан башка Ибн Синанын "Шыпаа китебин" (Kitabü-l Şifa) медициналык окуу жайда пайдалануу максатында Ферганадан перс мугалимин алдырып турушкан. XX кылымдын башында чакан брошюралар, гезиттер Орто Азияга да Осмон мамлекетине да барып турган. Аларга бир мисал Тержүман гезити болуп саналат. Орто Азия элдери өз доорунун маалымат алуу түйүнүн түзгөн гезиттерден ар кандай темада маалыматтарды алып турушкан. Анын ичинде орус-түрк согуштары сымал саясий окуялар да камтылып келген. Муну менен катар "Гап", "Машрап" аталышындагы Орто Азиядагы ийримдер өздөрүнүн жашыруун пландарын ишке ашыруу аракетинде болушкан.

6. XIX-XX кылымдын башында Орто Азияда, анын ичинде кыргыздардын тарыхына байланышкан жаңы маалыматтар архив булактарынын негизинде алынды. Анда XX кылымдын башындагы кыргыздардын саясий, экономикалык жана маданий тарыхына байланышкан маалыматтар аталган доорду изилдегендерге кошумча материал болуп бере алат.

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**

1. Көз карандысыз Кыргыз Республикасында Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XVI кылымдан XX кылымдын башына чейин) маселеси илим дүйнөсүндө дале болсо актуалдуу бойдон калып келет. Азыркы убактагы жогорку окуу жайларга изилдөөнүн хронологиялык алкагына ылайыкташкан, Орто Азиянын тарыхнаамасына султандык бийликтин мезгилиндеги архив документтерин жана изилдөө темага байланышкан чет тилдеги изилдөө эмгектерин сунуш кылуу абзел;
2. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштары тууралуу булактык базаны түзгөн осмон түркчөсүндө жазылган архив документтерин кыргызчага которуп, аларды аталган доор боюнча адистердин окуу программаларды түзүүсүнө жана илимий монографияларды жазуусуна шарт түзүү зарыл.
3. Орто Азиянын тарыхына байланышкан Осмон мамлекетинин өкмөттүк архив документтерин илимий изилдөөлөрүндө пайдалана турган изилдөөчүлөргө анын эпистолярдык жанрын жана архивдик жазуу стилин, өзгөчөлүктөрүн камтыган архив сөздүгүн түзүп, сунуштоо максатка ылайык.
4. Орто Азия менен учурда Осмон мамлекетинин мураскору болгон Түркия Республикасынын ортосунда эл аралык уюмдар түзүлүп, ортоктошо иш алып барышууда. Аларга диссертациялык иштин жыйынтыктары баалуу материал болуп бере алат.

**Диссертациялык иштин мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**


1. Абдыкулова Р. А. 1916 Türkistan İsyanı'nın Kırgız Edebiyatına Yansıması: Ürkün. [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Ahmed Yesevi Üniversitesi, Bilig Dergisi. 2016/Kış. –S.159-177. https://bilig.yesevi.edu.tr/yonetim/icerik/makaleler/796-published.pdf
2. Абдыкулова Р. А. Kırgız Toplumunda Sufizm Geleneği: Örf-Adetlere ve Edebiyata Yansımaları [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Selçuk Üniversitesi, Türkiyat Araştırmaları Dergisi, Sayı 35, 2014, – S. 513-533. –Konya /Türkiye.https://dergipark.org.tr/tr/pub/sutad/issue/17843/187098
3. Абдыкулова Р. А. Осмон мамлекетинин архиви жана андагы Орто Азия хандыктарына байланышкан эристолярдык жанр [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. 123-127-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=43938665
4. Абдыкулова Р. А. Религиозные отношения Османской империи с Кокандским ханством по архивным материалам [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Наука. Образование. Техника.2023. –№3.– С.114-118. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=58733456
5. Абдыкулова Р. А. 1916 Türkistan İsyanına Bir Kaynak Olarak: Asya'da Beş Türk [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Süleyman Demirel Üniveristesi, Sosyal Bilimler Dergisi, Sayı 31, Mayıs, 2014, - S. 53-60, Isparta /Türkiye. https://dergipark.org.tr/tr/pub/sufesosbil/issue/11406/136171
6. Абдыкулова Р. А. Кунтубаева А.А. Осмон империясы жана Орто Азиянын экономикалык абалы (XIX-XX кк. башы) [Текст] / Р. А. Абдыкулова. А.А. Кунтубаева // Известия КГТУ №2 (70), 2024. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=68019556
7. Абдыкулова Р. А. Тажыбай кызы Ж. Кыргызстандагы мектеп-медреселер (XIX кылым - XX кылымдын башы) [Текст] / Р. А. Абдыкулова. Ж. Тажыбай кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 4. 188-192-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49516450
8. Абдыкулова Р. А. Түрк тарыхчысы Бааеддин Өгел жана анын эмгектериндеги кыргыздар [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Наука новые технологии и инновации Кыргызстана.– Бишкек.2017.–С.169-174. http://www.science-journal.kg/en/

9. Абдыкулова Р. А. Түркстан хандыктары менен Осмон мамлекетинин байланыштары султандык архив документтеринде. (XIX к. экинчи жарымы-XX к. башы) [Текст] / Р. А. Абдыкулова // Бишкек, 2015. –Кыргыз-түрк Манас университетинин басылмалары:182. Илимий изилдөөлөр тизмеси: 16. –247с. https://books.google.kg/books/about/%D0%A2%D2%AF%D1%80%D0%BA%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD_%D1%85%D0%B0%D0%BD%D0%B4%D1%8B%D0%BA%D1%82%D0%B0%D1%80%D1%8B_%D0%BC.html?id=dlrsswEACAAJ&redir_esc=y

**Абдыкулова Роза Аманбаевнанын "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын башы)" деген темадагы 07.00.02-Ата Мекен тарыхы, 07.00.03-жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Осмон мамлекети, архив документтери, Орто Азия хандыктары, дипломатия, кыргыздар, Андижан, султан.

**Изилдөөнүн объектиси**. Осмон мамлекети менен Орто Азия ортосундагы саясий, экономикалык жана маданий байланыштар изилдөөнүн объектиси саналат.

**Изилдөөнүн предмети.** Изилдөөнүн предмети катары – Осмон мамлекети менен Орто Азия аймагынын жана алардын байланыштарынын архив документтеринде орун алыш маселеси; Осмон мамлекетинин архив документтериндеги байланыштардын түрлөрү жана мүнөзүнүн чагылдырылышы; эки тараптуу мамилелердин көздөгөн максат, милдеттери; экономикалык жана саясий байланыштардын жүзөгө ашырылышы; Орто Азиянын Россия империясына каратылган убагындагы "Осмон саясаты" жана анын ар кандай түрлөрү эсептелинет.

**Изилдөөнүн максаты.** Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы байланыштарды изилдөө, алакаларды талдоого алуу жана тарыхый баа берүү.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизи.**

Изилдөөнүн методологиялык негиздерин тарыхыйлуулук (историзм) принциби, салыштырма-тарыхый, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык жана башка ыкмалар түздү. Изилдөөнүн историзм, илимий объективдүүлүк, салыштырма-тарыхый, тарыхый-хронологиялык ыкмалар колдонулду.

**Алынган натыйжалар жана алардын илимий жаңылыгы.**

1. Постсоветтик доордун тарыхнаамасында Осмон империясы менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы өз ара байланыштарынын импульсу үзгүлтүккө учуроо менен токтотулбай жүргүзүлүп келгени такталды;
2. Алгачкы ирет Кыргызстандын тарыхында Осмон империясына байланышкан архивдик булактар илимий айлампага киргизилип, тарыхый байланыштардын тамыры тереңде экендиги далилденди;
3. Орто Азия менен Осмон мамлекетинин саясий-дипломатиялык мамилелери комплекстүү изилдөө кыргыз тилинде колго алынды;
4. Осмон мамлекетинин Орто Азия менен дипломатиялык байланыштарын ачуу үчүн Осмон өлкөсүнүн өкмөттүк архив материалдары илим айлампасына алынды;

5. Орто Азиядагы Англия, Россия жана Кытай мамлекеттеринин саясаты эске алынып, Осмон мамлекетинин мындагы саясатынын мүнөзү, көздөгөн максаты анализденди;

6. Архивдик булактарды талдоонун негизинде Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштарынын ар кырдуулугунун жыйынтыктарына тарыхый баа берилди.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Илимий иштин негизги жыйынтыктарын илимий изилдөөлөрдө, илимий долбоорлорду даярдоодо, Борбордук Азия жана Кыргызстанда XIX-XX кылымдын башындагы саясий, экономикалык жана маданий аспекттен изилдөө иштерин аткарууда колдонууга сунуш кылынат.

**Колдонуу жааты.** Изилдөөнүн жыйынтыктары Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча илимий эмгектерди жазууда, жогорку окуу жайларда атайын курстарды уюштурууда колдонулушу мүмкүн.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Абдыкуловой Розы Аманбаевны на тему "Дипломатические отношения Османской империи и Средней Азии во второй половине XIX-начале XX века" на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история и 07.00.03-всеобщая история**

**Ключевые слова:** Османское государство, архивные документы, ханства Центральной Азии, дипломатия, кыргызы, Андижан, султан.

**Объект исследования:** Политические, экономические и культурные связи между Османским государством и Центральной Азией.

**Предмет исследования:** Вопросы связей между Османским государством и Центральной Азией в архивных документах; виды и характеристики связей, отраженные в архивных материалах Османского государства; цели и задачи двусторонних отношений; осуществление экономических и политических связей; политика Османского государства в отношении Центральной Азии в период подчинения России.

**Цель исследования:** Изучение связей между Османским государством и Центральной Азией, анализ отношений и историческая оценка.

**Методологическая основа исследования:** Методологическая основа исследования включает принципы историзма, сравнительно-исторического, хронологического, историко-генетического методов и других подходов. В исследовании использованы методы историзма, научной объективности, сравнительно-исторического и хронологического анализа.

**Полученные результаты и их научная новизна:**

1. В постсоветской историографии установлено, что импульсы взаимодействия между Османской империей и ханствами Центральной Азии осуществлялись с перерывами.
2. Впервые в истории Кыргызстана архивные источники, связанные с Османской империей, были введены в научный оборот, что подтверждает глубокие исторические связи.
3. Политико-дипломатические отношения между Центральной Азией и Османским государством были комплексно изучены на кыргызском языке.
4. Для раскрытия дипломатических связей Османского государства с Центральной Азией были включены правительственные архивные материалы Османской империи в научный оборот.
5. Учитывая политику Англии, России и Китая в Центральной Азии, проанализированы особенности и цели политики Османского государства в данном регионе.
6. На основе анализа архивных источников дана историческая оценка многообразия связей между Османским государством и Центральной Азией.

**Рекомендации по использованию:**

Основные результаты научной работы рекомендуется использовать в научных исследованиях, при подготовке научных проектов и при выполнении исследований политических, экономических и культурных аспектов Центральной Азии и Кыргызстана в XIX—XX веках.

**Область применения**. Результаты исследования могут быть использованы при написании научных работ по истории Центральной Азии и Кыргызстана, а также при организации специализированных курсов в высших учебных заведениях.

**RESUME**

**of the dissertation by Abdykulova Roza Amanbaevna entitled "Diplomatic Relations Between the Ottoman Empire and Central Asia in the Second Half of the 19th-Early 20th Century" for fulfillment of the requirements for the degree of Candidate of Historical Sciences on the specialty 07.00.02-National history and 07.00.03-World history**

**Keywords:** Ottoman state, archival documents, Central Asian khanates, diplomacy, Kyrgyz, Andijan, sultan.

**Object of the research:** Political, economic, and cultural connections between the Ottoman state and Central Asia.

**Subject of the research:** Issues of the connections between the Ottoman state and Central Asia as reflected in archival documents; types and characteristics of the connections documented in Ottoman archival materials; goals and objectives of bilateral relations; implementation of economic and political ties; the policy of the Ottoman state towards Central Asia during the period of Russian subjugation.

**Purpose of the research:** To study the connections between the Ottoman state and Central Asia, analyze the relations, and provide a historical assessment.

**Methodological basis of the dissertation:** The methodological framework includes the principles of historicism, comparative-historical, chronological, and historical-genetic methods, among other approaches. The study employs methods of historicism, scientific objectivity, and comparative-historical and chronological analysis.

**Scientific novelty of the dissertation:**

1. In post-Soviet historiography, it has been established that diplomatic relations between the Ottoman Empire and the khanates of Central Asia were conducted intermittently.
2. For the first time in the history of Kyrgyzstan, archival sources related to the Ottoman Empire have been introduced into scientific circulation, confirming deep historical ties.
3. Political-diplomatic relations between Central Asia and the Ottoman state have been comprehensively studied in the Kyrgyz language.
4. Government archival materials of the Ottoman Empire have been included in scientific circulation to reveal the diplomatic connections between the Ottoman state and Central Asia.
5. Considering the policies of England, Russia, and China in Central Asia, the features and goals of the Ottoman state's policy in this region have been analyzed.

6. Based on the analysis of archival sources, a historical assessment of the diversity of connections between the Ottoman state and Central Asia has been provided.

**Recommendations for use:** The main results of the scientific work are recommended for use in scientific research, the preparation of scientific projects, and the study of political, economic, and cultural aspects of Central Asia and Kyrgyzstan in the 19th–20th centuries.

**Areas of application:** The results can also be utilized in writing academic works on the history of Central Asia and Kyrgyzstan, as well as in organizing specialized courses at higher educational institutions.